# Кыргыз тили жана Кыргыз адабияты усулдук бирикменин анализи



**2018-2019-окуу жылында** кыргыз тили жана кыргыз адабияты кафедрасында 11 мугалим иштеди. Алар: Сардарбекова Ж., Мамбеталиева М., Сардарбекова Ч.Ж.- кыргыз мектебине кыргыз тили жана кыргыз адабият сабактарынын мугалими (5-11 кл.); Мойдунова Ч. К., Базарова М. С.,Балтабаева Н. Т., Асанова Г.К., Чомоева Н., Асанбаева Н.К. жана башкалар мугалимдер орус мектебинде кыргыз тили мугалимдери. Бардык аты аталган мугалимдер жогорку билимдүү жана Сардарбекова Ж., Мойдунова Ч. К. билим берүүнүн отличниги.

2018- жылы август айында сааттар бөлүнүп, календарлык пландар бекитилди. Ушул эле жылдын 23- сентябрында- тил күнүгө арналган 1-4 класстар ортосунда сүрөт көргөзмөсү болуп өттү. 5-9 класстар арасында көркөм окуу конкурсу болду. Ал эми 10-11 класстар Тил күнүнө карата «Тилим менин, дилим менин» деген темада дилбаян жазышты. 11- класстын окуучусу Ураимова М. дилбаяны жогорку деңгээлде жазылып, эң жакшы баада бааланды.

Кыргыз тили күнүнө арналган конкурстардын жыйынтыгы чыгарылып, администрация жамааты грамоталар менен катышкан мыкты окуучулардын иштерин баалады.

2018-жылы ноябрь айында кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын декадасы болуп өттү. Кыргыз мектебинин мугалими Сардарбекова Ж. 9-А классында «Чыңгыз Айтматов биз менен»- деген темада декадасын ачылышты ачып берди. 9-А классынын окуучулары Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы монологдорду көркөм окуп, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтүп кетти.

Мамбеталиева М.- ушул эле темада класстык саат 7-класстар ортосунда суроо- жооп викторинасын өтүп кетти. Ошондой эле декада ичинде ачык сабактар өтүлдү.

Мойдунова Ч. 6-Г классында «этиштин өткөн чагы» деген темада ачык саат өттү. Чоноева Н. 4-Г клсста «Боз үй» деген ачык саат өттү.

5-декабрь 2018 жылы мектебибизде кыргыз тили мугалимдер «Манас таануу» деген темада манасчылар конкурсун өткөрүп, конкурста 9-Д класс жана 9-Г классынын катышчуулар эң жогорку деңгээлде айтып белгиленди.

Декабрь айында 5-11 класстар ортосунда билим деңгээлин текшерүү иштери алынды.

Январь айында каникул убагында графиктер түзүлүп начар окуган окуучулар менен мугалимдер иш алып барды.

Ушул ай ичинде мектеп ичинде олимпиада (кырг. т., матем., орус. т. ж. б.) болуп өттү. Олимпиадада 5-11 кл. окуучулары жакшы ийгиликтерди көрсөтө алды.

Февраль айында эне тили күнүгө карата чоң концерттик кече болуп өттү. Бул кечени кыргыз тили мугалимдери чоң салым кошушту. Кечеде Кыргызстанда жашаган бардык улуттардын тилинде көркөм окуулар болуп, улуттук кийимдери кийилип өтө жогорку деңгээлде өттү.

2019-окуу жылы март айында № 45-жалпы орто билим берүү мектебинде 20-мартта «Салам, Нооруз»- деген темада чоң майрамдык иш чара өтүлдү.

Уюштуруучулар

Мойдунова Ч. К.- кыргыз тили жана адабияты мугалими, алып баруучу- Мамбеталиева М. жана ошондой эле тарых мугалими- Жангазиева Э. А. Бул иш чара кыргыз элинин улуттук оюундары (Аркан тартмай, Ордо, Беш таш, Алтын шакек ж. б.) окуучулардын катышуусу менен болуп өттү. Бул иш чара музыкалык номерлер менен коштолду.

Апрель айында 4-11 класстарынын дептерлеринин денгээли текшерилип, методикалык бирикменин кезектеги чогулушунда каралды, ошондой эле 8-9-класстар ортосунда тесттер алынды. Метод бирикменини чогулушунда көчүрүү экзамендеринин тесттери жана жат жазуулары, тапшырмалары талкууланды.

2019-жылы май айында бүтүргүүчү 9-11-класстар ортосунда жат жазуулар жана тестер алынды. Жат жазуу, тесттер акыркы метод бирикменин чогулушунда талкууланып, мамлекеттик экзамендерге окуучулар жолдомо алышты.

Быйылкы 2018- 2019- окуу жылы кыргыз тили жана кыргыз адабияты кафедрасы үчүн өтө «жакшы» жыл болду десек болот. Асанбаева Нурниза Калдарбековна “Кыргыз тилин үйрөнүүнүн заманбап ыкмалары” аттуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен “Кыргыз тилин колдоо фонду” Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик тили жөнүндө” Мыйзамын аткаруу жана кыргыз тилин окутуу усулдарын жайылтуу максатында Бишкек шаарындагы окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз тили мугалимдери үчүн уюштурулган бир күндүк методикалык семинар-тренингге катышты.

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 30 жылдыгына карата өткөрүлгөн **“Сабаттуу бол”** өнөктүгүндө жат жазуудан эң жакшы баа алгандыгы үчүн диплом менен сыйланды жана сертификатка ээ болду. Мугалимдерибиз Асанбаева Н.К. жана Чоноева Н. “Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тили жана адабиятын окутуунун теориясы жана методикасы” программасы боюнча 72 саат көлөмдөгү кыска мөөнөттүк дасыгууну жогорулатуу курсунан өтүшүп сертификаттарга ээ болушту.

**Кыргыз тил жана адабият усулдук бирикменин жетекчиси: Мойдунова Ч.К.**